Food and Agriculture Organization
of the United Nations

ФАОнун "Кавказ жана Борбор Азияда чегирткеге каршы күрөшүүнүн улуттук жана аймактык деңгээлин жакшыртуу боюнча программасы"

# ЧЕГИРТКЕГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ИШТЕРИН ЖҮРГҮЗҮҮДӨ КООПСУЗДУК ЧАРАЛАРЫНЫН КАЛЕНДАРЫ

20



18



## ЧЕГИРТКЕГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ

Чегирткелер айыл чарба өсүмдүктөрүнө жана жайыттарга олуттуу зыян алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, чегирткелердин массалык түрдө көбөйүшүн жана таркалышын басаңдатуу жана маданий өсүмдүктөргө жана жайыттарга келтирүүчү зыянды азайтуу үчүн, аларга каршы күрөшүү иштери жүргүзүлөт. Негизинен, чегирткеге каршы күрөшүү адатта колдонулган химиялык пестициддерди колдонуу аркылуу жүргүзүлөт. Бул иш-чараларды жүргүзө турган адамдарга мындай уулуу химиялык заттарды туура пайдалануу, андан тышкары, чегирткеге каршы пландалган күрөшүү иштери жүргүзүлө тургандыгы жөнүндө жергиликтүү калкты алдын ала маалымдоону талап кылган, химиялык заттар адамдын ден соолугуна жана айлана чөйрөгө терс таасир тийгизбеши үчүн чараларды өткөрүү сыяктуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

Бирок, кадыресе эле химиялык инсектициддер колдонулгандыгына карабай, алардын адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө келтире турган терс таасирин азайтуу үчүн сактык чараларын көрүү зарыл. Бул календарда жергиликтүү калк, чабандар, балчылар жана жергиликтүү администрация тарабынан чегирткеге каршы химиялык күрөшүү иштерин жүргүзүүнүн алдында, жүргүзүлүп жаткан учурда жана жүргүзүлүп бүткөндөн кийин ишке ашыра турган коопсуздук чаралары боюнча практикалык кеңештер берилген.

# Үчтүн айы 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | 31 | | | | |
| | | | | | | |

# Бирдин айы 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | | | | |
| | | | | | | |




## ЖАКЫНДАБАГЫЛА

Эреже катары, чегирткеге каршы жүргүзүлүүчү иш-чаралар айылдан, чарбадан жана башка калк жашаган аймактардан алыс жакта өткөрүлөт. Ошого карабастан, кээ бир жагдайларда инсектициддерди кыштактарга жакын жерлерде өткөрүүгө туура келет. Талааларда инсектициддер чачылып жаткан учурда, жана ал иштер жаңы эле аяктаган кезде ал жерге жакын барууга болбойт.

Абайлагыла! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү пестициддердин терс таасиринен сактагыла!

Химиялык иштетүүлөрдү өткөрүп жаткан топтун жана/же жергиликтүү бийликтердин инструкцияларын колдонгула. Инсектициддердин чачыраган тамчыларынын терс таасиринен сактануу үчүн ал жерлерге жакындабагыла! Эгерде химиялык иштетүүлөрдү өткөрүп жаткан атайын топтон же жергиликтүү бийликтерден билдирме алсаңар, анда кудуктарды же айылдагы жана үйүңөрдүн жанындагы суу булактарын калың кендир (брезент) менен жаап койгула. Химиялык заттар чачылган талааларга эң кеминде 48 саатка чейин жакын барбагыла.

## Жалган куран 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | |
| | | | | | | |

## Чын куран 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 1 |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 |
| 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 |
| 30 | | | | | | |



## ОРУП-ЖЫЮУ МӨӨНӨТҮН САКТАГЫЛА

Кээде чегирткеге каршы күрөшүү иштерин айыл чарба өсүмдүктөрү эгилген аянттарда өткөрүүгө туура келет. Эгерде силердин талааңарга инсектициддер чачылса, анда ал жердеги түшүмдү дароо оруп-жыйнабай, бир нече күн күтүп туруу талап кылынат. Бул - оруп-жыюуга чейинки мезгил деп аталат. Эгерде силер ала турган түшүмүңөрдү дароо жыйнап баштабай, ошол оруп-жыюу мөөнөтүн так сактасаңар, анда айыл чарба өсүмдүктөрүндө сакталып калган пестициддердин калдыктары аларды керектей турган адамдарга коопсуздукту жаратпайт.

Химиялык иштетүүлөрдү өткөргөн адамдар же айыл чарбасы боюнча кеңешчилер - пайдаланылган инсектициддердин мүнөздөмөсүнө жараша, химиялык иштетүүлөр жүргүзүлгөндөн кийин оруп-жыюу иштерин канча убакыттан кийин баштоо керектигин силерге так айтып бере алышат.

Тамак-ашыбыз коопсуз болушуна кам көргүлө: химиялык иштетүүлөр жүргүзүлгөндөн кийин оруп-жыюуга чейинки мезгилди так сактагыла!

# Бугу 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 |
| 28 | 29 | 30 | 31 | | | |
| | | | | | | |

# Кулжа 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | |
| | | | | | | |



## МАЛДЫ ЖАЮУГА ТЫЮУ САЛЫНГАН МӨӨНӨТТҮ САКТАГЫЛА

Чегирткеге каршы күрөшүү иштери көп учурда жайыттарда өткөрүлөт. Эгерде силердин малыңар инсектициддер чачылган жайыттарда же алардын жанында жайылса, анда малды ал жерлерге кайра чыгарбай, талап кылынган минималдуу мөөнөттүн өтүшүн күтүшүңөр керек. Бул - малды жаюуга тыюу салынган мөөнөт деп аталат. Эгерде силер малды жаюуга тыюу салынган мөөнөттү так сактасаңар, анда силердин малыңарга жана силердин малыңардын сүтүн же этин жеген керектөөчүлөргө да чөптө калган пестициддердин калдыктары коркунуч туудурбайт.

Химиялык иштетүүлөрдү жүргүзгөн адамдар же айыл чарбасы боюнча атайын кеңешчилер пайдалана турган инсектициддердин мүнөздөмөсүнө жараша, малды жаюуга тыюу салынган мөөнөтү качан аяктаарын силерге так айтып бере алышат.

Тамак-ашыбыз коопсуз болушуна кам көргүлө: Малды жаюуга тыюу салынган мөөнөттү сактагыла!

# Теке 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 1 |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 |
| 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 |
| 30 | 31 | | | | | |

# Баш оона 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | | |
| | | | | | | |



## ПЕСТИЦИДДЕРДЕН БОШОГОН ИДИШТЕРДИ КАЙРАДАН КОЛДОНБОГУЛА

**Пестициддерден бошогон идиштер азык-түлүктөрдү, майды же сууну сактоо же куюу үчүн колдонууга ылайыктуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок, идишти канча таза жуугандан кийин да, ал идиште пестициддердин калдыктары кала берет. Демек, пестицидден калган бош идиштерди азык-түлүк продукцияларын же суусундуктарды сактоо үчүн пайдалануу өтө кооптуу. Пестицид салынган идиштерди таза жууп, кайрадан колдонууга мүмкүн деген адамдарга ишенбегиле: бул андай эмес! Химиялык заттардан бошогон идиштерди эч качан кайрадан колдонбогула!**

**Эгерде пестицидден бошогон идиштерди талааңардын же үйүңөрдүн жанынан таап алсаңар, анда аларды туура утилизациялоо (жок кылуу) үчүн Айыл чарба министрлигинин жергиликтүү бөлүмдөрүнө алып баргыла.**

**Өз үй-бүлөңөрдүн ден-соолугун коргогула: Пестициддерден бошогон идиштерди эч качан колдонбогула!**

# Аяк оона 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | 2 |
| 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| | | | | | | |

# Тогуздун айы 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | 31 | | | | |
| | | | | | | |



## ААРЫЛАРДЫ КОРГОГУЛА

Адатта чегирткеге каршы колдонулуп жаткан химиялык инсектициддер аарылар үчүн да зыяндуу. Демек, эгерде өсүмдүктөр гүлдөп турган учурда химиялык иштетүүлөр жүргүзүлүп жаткан талааларда жайгашкан бал челектер болсо, аларды ал жерден алыс чыгарып кетүү керек. Адатта коопсуз аралык - 3-5 км. Аарыларды химиялык иштетүүлөр жүргүзүлгөн талааларга жакын жайгашкан жерлерге жок дегенде бир жумадан кийин алып келүүгө болот.

Эгерде силер бал челек кармасаңар, анда химиялык иштетүүлөргө катышкан адамдар сунуштаган кеп-кеңештерди уккула. Эгерде жакын жерде чегирткелерге каршы күрөшүү иштери жүргүзүлүп жатса, анда ал иштерди аткарып жаткан адамдарга же жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө кайрылып, бал челектериңерди башка жерге которуунун кажети бар же жок экендигин тактап алгыла.

Аарылар айыл чарба өсүмдүктөрүн чаңдаштыруу жана бал өндүрүү үчүн өтө маанилүү: аларды инсектициддердин терс таасиринен коргой турган шарттарды камсыздагыла!

# Жетинин айы 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | | |
| | | | | | | |

# Бештин айы 2018

| Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби | Жекшемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | 2 |
| 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| 31 | | | | | | |

From
the People of Japan

Каржылык колдоосу менен

Үйүр-үйүр болуп же жалгыздап жүргөн чегирткелер айыл чарба үчүн өтө олуттуу коркунуч туудурушат, анткени алардан маданий жана жапайы өскөн өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрү жапа чегишет. Чегирткелерге каршы күрөшүүнүн эң жакшы стратегиясы – бул алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү. Аталган стратегия - чегирткелер топтолгон жерлерди эртерээк аныктоо жана ага каршы аракеттерди тез арада ишке ашыруу максатында, чегирткелер кездешкен жерлерге алардын жашоо циклинин критикалык мезгилинде мониторинг жүргүзүү иштерин камтыйт. Мындай учурда айыл чарба өсүмдүктөрүнө түздөн-түз коркунуч туула электе жана чегирткелердин саны анчалык көбөйө элек мезгилде аларга каршы күрөшүү иш-чараларын жүргүзүү абзел.

Азыркы учурда чегирткеге каршы күрөшүүдө көбүн эсе химиялык пестициддерди колдонушат. Чегирткеге каршы химиялык күрөшүү иш-чараларын жүргүзүүгө катышкан персонал адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө тийүүчү терс таасирин азайтуу же аны такыр болтурбоо үчүн мындай иш-чараларды туура өткөрүү боюнча атайын окуудан өтөт. Акыркы мезгилдерде чегирткеге каршы күрөшүүдө көптөгөн башка тирүү организмдерге таасир этпестен, чегирткелер түркүмүнө гана кирген курттарга таасир этүүчү хитин синтезинин ингибиторлору жана биопестициддер сыяктуу коркунучтун деңгээли төмөнүрөөк болгон инсектициддер көбүрөөк пайдаланылууда. Анын натыйжасында, чегирткеге каршы күрөшүү – эффективдүү болууда жана айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасири азаюуда.

ФАОнун Кавказ жана Борбор Азиядагы өлкөлөрдө чегирткелердин кыска мөөнөттө тарап кетишин алдын алуу, андан тышкары, адамдын ден соолугуна коопсуз болгон жана айлана-чөйрөгө зыян келтирбей тургандай чегирткеге каршы күрөшүү иш-чараларын жүргүзүүгө көмөктөшөт.

Аталган календарь, негизинен, чегиртке каптаган аймактарда жашаган жергиликтүү калкка кам көрүү боюнча коопсуздук чараларын жүргүзүүгө багытталган. Календарь Япония эл-аралык кызматташтык агенттиги (JICA) тарабынан каржыланып, Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО) тарабынан чыгарылган. [Зыяндуу чегирткелерди көзөмөлдөөнү жакшыртуу долбоору (GCP/INT/238/JPN)].

I8172KY/1/01.18